| Кыргыз Республикасы<br>Ысык-Көл облусу<br>Жети-Өгүз району<br>Оргочор айыл аймагынын<br>айылдык Кеңеши | | Кыргызская Республика<br>Ысык-Кульская область<br>Жети-Огузский район<br>Оргочорский аильный Кенеш<br>айылного аймака |
|---|---|---|

# Оргочор айылдык Кеңешинин
# XXVIII-чакырылышынын кезектеги 17-сессиясынын

18 январь 2023- жыл Оргочор айылы

## Т О К Т О М №54

**Оргочор айыл округунун 2023-жылга карата бюджетин 2024-2025 жылдарга долбоорун бекитүү жөнүндө**

2023-жылга Оргочор айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджеттин бекитүү, 2024-2025 жылдарга долбоорун жана 2022-жылдагы бюжеттин аткарылышы жөнүндө Оргочор айыл Кенешинин кезектеги сессиясы айыл Кенештин бюджет-финансы жана экономика боюнча туруктуу коммиссиясынын төрагасы С.Асаналиевдин билдирүүсүн, финансы экономика бөлүмүнүн башчысы Ч.Казиеванын кошумча билдирүүсүн угуп жана талкуулап Оргочор айыл Кенешинин сессиясы **т о к т о м к ы л а т:**

1. Оргочор айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2022-жылга жергиликтүү бюджетинин аткарылышы бекитилсин.
2. 2023 - жылга карата Оргочор айыл өкмөтүнүн бюджети кирешелер боюнча 33 486,3 миң сом көлөмүндө жана чыгымдар боюнча 33 486,3 миң сом көлөмүндө № 1 тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. 2024-2025 жылдарга долбоор №2 тиркемеге ылайык бекитилсин
4. Салыктардын контингенти жана чегерүүлөрдүн көлөмү № 3 тиркемеге ылайык каралсын жана кирешелер биринчи кезекте эмгек акыга, соцфондго чегерүүгө, коммуналдык чыгымдарга жана жеңилдиктерди төлөөгө жумшалсын. Айыл өкмөтүнүн бюджетине түшүүчү булак болгон салыктарды өз убагында жыйнап бюджетке түшүрүү жагы айыл өкмөтүнүн киреше боюнча жетектөөчү адис Усубакунов Т. милдеттендирилсин.
5. Жергиликтүү бюджеттен каржылануучу чыгымдардын көлөмү № 4 тиркемеге ылайык бекитилсин.
6. Жергиликтүү бюджеттен мекемелерге каржылануучу эмгек акы, соц.фондусунун чектелген көлөм № 5 тиркемеге ылайык бекитилсин.
7. Бала бакчалардын атайын каражатына ата-энелерден келип түшүүчүү акча каражаты 1 602,0 мин сом балдардын тамак аш чыгымдарына бекитилсин.